**Замша боек**
Жалтырабаган жасалга боегу, замша туспол кылып сырдоо учун колдонулат. Ички дубалдарды, шыптарды, жыгачтан ж.б. жасалгаларды (лепнина, карниз, молдинг), жана эмеректерди сырдоого ылайыктуу.
**Эсинизде болсун:**
Материал тиксотроптук касиетке ээ, аралашпаган абалда коюланып, жабышчаак болуп калуусу мумкун. Калыбына келтируу учун, кол менен же миксер менен жай чалып же шейкерде аралаштыруу кажет.

**Техникалык муноздомолору:**
- Жалтырак денгээли – 2, терен кунурт
- Бекемдиги – 1+
- Сарпталышы – 1л / 4м²
- Колдонуучу чойро – ички жасалгалоо учун
- Сырдоо температурасы – +10°C ден томон эмес
- Тоборсуйт – 6–8 саатта
- Алгачкы полимерлешуу – 24–48 саат
- Толук кургашы – 30 кунго чейин

**Сунушталган катмар:**
- Валик менен – 3 сыйра
- Уйлотуп сырдоо (HVLP) – 2 сыйра
- Чачыратып сырдоо (Airless) – 2 сыйра

**Идиштин колому:** 1 литр, 5 литр

**Сырдалчу бетти даярдоо**
- Даярдык денгээли – Q3–Q4
- 0.5 мм кем эмес тегиздоочу майшыбак менен шыбалат.
- Асты таза, кургак жана бекем болушу керек.
- Ар кандай кемчиликтер (чийик, так, чункур, аспаптын изи ж.б.) болбошу шарт.

**Грунт тартуу:**
- Шыбалган кургак дубалга – Грунт праймер
- Мурда сырдалган дубалга, карниз, молдинг, плинтус, МДФ, ДСП, ДВПга – Грунт Кроющий

Замша туспол жасалга боегу менен 2 сыйра сырдалат.

**Эсинизде болсун!**
- Сунушталбагандай жука сырдоо же мурда оз алдынча башка тус менен сырдалган туздуктун устунон сырдоо – каалагандай тусту бербей жана ала-була болуп калышы мумкун.
- Аралаштырылган боек – узак сакталбайт.
- 2 сыйра сырдалган сон гана сырдын текшилигин (сапатын) бааласа болот.
- Аспаптарды самындуу жылуу суу менен жуунуз.

**Валик менен сырдоо**

- Кыска же орточо (8–12мм) тугу бар микрофибр же полиамид валиги сунушталат.
- Жагымдуураак текстура алуу учун велюр валигин колдонсо болот, бирок бул кобуроок кучту талап кылат.
- Чакан жерлерди сырдоодо X жана V формасында,
- Чон дубалдарды ойдодон ылдый тегиз жана кылдат кыймылдоо менен сырдашат.
- Валикти дайыма жакшылап малып, сырды аябай жана суюлтпай сырдоо шарт.

**Уйлотуп сырдоо (HVLP)**

- Алды менен жакшылап аралаштырыныз.
- Боектун агымын болушунча жогорулатыныз.
- Факелдин кийинки катмары 50% тузот.
- Боек текши жана жагымдуу тушуусу учун, 5–7% кондиционер менен аралаштырса болот.

**Сарпталышы:** 8–9 м² / 1л, 2 сыйра сырдоо сунушталат.

*Wagner W690 / 590 шайманынын тех. картасын караныз.*

**Чачыратып сырдоо (Airless)**

- Материал толук даяр, суюлтуу талап кылынбайт.
- Чачаардан мурда, чыпкаларды алып койунуз.
- Жумуштун ондурумдуулугун жогорулатуу учун 0.021–0.023 олчомундогу форсункалар колдонулат.

**Минималдуу ондурумдуулук:** 2.0 л/мин

*SuperFinish 23 шайманынын тех. картасына коз жугуртунуз.*

**Бышыктоо**

Эмеректерди, ашкананын дубалдарын, эшиктерин ж.б. уруntуктуу жерлерди бышыктоо учун 2 компоненттуу лак менен сырдоо талапка ылайык. Лакты замшанын биринчи полимерлешуусунон кийин колдонуу керек.

**Маанилуу:**

Лактагандан кийин, замшанын ону кунурт болуп калышы мумкун. Ошондуктан, адегенде байкап коруу керек.

Лактан кийин жалтырактыгы – 7 бирдикти тузот.

**Сырдалган бетти колдонуу**

Тактарды жана издерди:

- Нымдуу сулгу,
- Жумшак щетка менен,
- Суулап же самындап,
- Ойдо-ылдый же капталдан капталга этияттап суртуп кетирсе болот.